**Изденүүчү Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын “Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы” деген темада 13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча жазылган кандидаттык диссертациялык ишине И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) жана психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д.13.20.623 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын төрагасы педагогика илимдеринин доктору, доцент К.К. Акматовдун**

**БҮТҮМҮ**

Изденүүчү Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын “Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы” деген темада 13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча жазылган кандидаттык диссертациялык ишин карап чыгып, **диссертация тууралуу төмөнкүлөрдү ырастайт:**

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Изденүүчү Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын “Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы” деген темадагы кандидаттык изилдөөсү өзүнүн обьектиси, предмети, изилдөө методдору боюнча Д 13.20.623 диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Иште 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистигинин паспортуна толук ылайык келген проблемалар камтылган. Анда орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуу 5-9-класстын мисалында илимий -теориялык жана илимий-методикалык жактан кеңири планда изилденет.

**Изилдөөнүн максаты - Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда** легендалык чыгармаларды окутуунун азыркы талаптарга шайкеш методикасын иштеп чыгуу, эксперименттик текшерүү жана практикага сунуш кылуу. Бул максатты ишке ашыруу үчүн легенда менен уламыштын негизинде жазылган чыгармаларды терминдик жактан бир типке келтирүү жана окуу китептерде, программаларында, методикалык адабияттарда

аталыштарына тактоо жүргүзүлгөн, легендалык чыгармалардын адабият таануу, кыргыз адабиятын окутуунун методикасы илимдеринде изилдениши үйрөнүлүп жалпылаштырылган; легендалык чыгармалардын окуу программалары менен окуу китептеринде берилишин талдап, легендалык чыгармаларды окутуунун методикасын иштеп чыккан, практикалык колдонууга сунуштаган, эксперименттик иштерге практик мугалим катары өзү да катышкан.

Диссертациянын мазмуну, коргоого коюлуп жаткан жоболор 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистигинин талаптарына жооп берет.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**. Жалпы билим берүүчү мекемелерде таалим-тарбия иштерин улуттук маданий жана адабий баалуулуктар менен жалпы адамзаттык баалуулуктарды айкалыштыруу менен жүргүзүү талабына артыкчылыктуу маани берилип келет. Улуттук жана адамзаттык асыл баалуулуктардын башаты да, бай казынасы да көркөм адабиятта, анын ичинде элдик оозеки чыгармаларда камтылган. «Адабияттын предмети адам жана анын турмушу», ал эми «адабият сабагы адам таануу сабагы» экендигин эске алганда, кыргыз адабиятын орто мектептерде окутуунун мааниси, инсанды калыптандырып, таалим-тарбия берүүдөгү орду менен ролу канчалык экендиги айкындалат.

Кыргыз адабияты өзүнчө предмет катары мектептерде окутула башталышы жүз жылга чукулдап барат. Бир кылымга тете мезгил ичинде адабиятты окутуунун бай практикалык тажрыйбалары топтолуп, кыргыз адабиятын окутуунун методикасы өзүнчө илим катары калыптанып, өнүгүп, азыркы билим берүүнүн талаптарына ылайык өркүндөтүлүүдө. Кыргыз адабиятын окутуунун теориялык жана практикалык бир катар орчундуу маселелери ийгиликтүү чечилип, окутуу процессинде колдонулуп келет. Аталган илимдин калыптанып өнүгүшүнө, азыркы абалына К.Иманалиев, Б.Алымов, С.Байгазиев, И.Исамидинов, С.Батаканова, С.Момуналиев, Н.Ишекеев, С.Рысбаев, А.Муратов, С.Сакиева, Б.Акматов, К.Акматов ж.б. окумуштуу-методисттердин илимий-методикалык эмгектери өз салымдарын кошкон. Бул багыттагы изилдөө иштери улантылууда. Легенда менен уламыш терминдеринин адабият таанууда такталбай келе жаткандыгы окуу процессинде ага бирдиктүү баа берилбей, чаташып айтылышына себеп болуп келет. Окуу программаларында бирде легендалык, бирде уламыштын негизинде жазылган чыгармалар деп айрым поэмаларды, повесттерди, драмаларды атай беребиз. Ошондуктан адабият таануучулук жактан талдоо, методикалык жактан бирдиктүү термин менен атоо зарылчылыгы турат. Мына ушунун өзү изилдөөнүн актуалдуулугун аныктайт. Ошондуктан

А.Б.Батыркулованын диссертациялык изилдөөсү үчүн тандап алган темасынын актуалдуулугу шексиз.

**3. Диссертациялык иштин илимий жаңылыктары жана теориялык маанилүүлүгү.**

**Изилдөөдө** «Легенда» (уламыш) термин-түшүнүгүнүн адабий жанрдын табиятын такталып, легендалык чыгармаларды окутуунун илимий-методикалык негиздери аныкталып жана легендалык чыгармаларды окутуу боюнча илимий-методологиялык талдоолор жүргүзүлүп, негиздүү жана ынанымдуу жыйынтыктар чыгарылган.

**Диссертацияда чыгарылган ар бир жыйынтыктын (илимий жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгүнүн деңгээли.**

**Биринчи жыйынтык** изилдөөдөн келип чыккан негиздемелер, тыянактар, сунуштар кыргыз мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууга салым кошот.

**Экинчи жыйынтык** адабият программаларынын жана окуу китептеринин легендалык чыгармаларга тиешелүү бөлүмдөрүн тактап, методикасын өркүндөтүүгө көмөк көрсөтөт.

**Үчүнчү жыйынтык** изилдөө ишиндеги материалдар окуучулардын өз алдынча чыгармачылык менен ой жүгүртүүсүн, продуктивдүү, креативдүү деңгээлдерин өстүрүүгө өбөлгө түзөт.

**Төртүнчү жыйынтык** V-IX класстарда легендалык чыгармаларды окутуу иштерин жакшыртууга, жалпы эле таалим-тарбия берүү тармагын жакшыртууга көмөктөшөт. SunRav информациялык системасында электрондук окуу материалдарынын негизинде түзүлгөн электрондук китеби окуучулардын өз алдынча билимин өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Жалпы интернет ресурстарынан өз алдынча окуп үйрөнүүгө ар бир каалоочу окурмандардын билип алуусуна шарт болот. Түзүлгөн электрондук окуу китеби мектеп окуу программасы боюнча мугалимдерге методикалык булактар катары колдонулат.

**4. Диссертацияда изденүүчү чыгарган ар бир иштеги илимий жыйынтыктарынын (жобонун) жана изденүүчүнүн көрутундусунун жаңылык деңгээли.**

**1-жыйынтык.** Жаңы. Легенда менен уламыштын негизинде жазылган чыгармаларды терминдик жактан бир типке келтирүү жана окуу китептерде, программаларында, методикалык адабияттарда аталыштары такталды

**2-жыйынтык.** Жарым-жартылай жаңы. легендалык чыгармаларды окутууда салттуу жана интерактивдүү методдорду айкалыштыруу аркылуу

окуучулардын көркөм-эстетикалык, адеп-ахлактык, инсандык баалуулуктарын калыптандыруунун мүмкүндүктөрү иштелип чыкты.

**3-жыйынтык.** Жарым-жартылай жаңы. Легендалык чыгармаларды окутууда инновациялык технологияларды пайдалануунун артыкчылыктары көрсөтүлүп, окутуунун натыйжалуу методдору иштелип чыкты

**4-жыйынтык.** Жаңы. Окуучулардын адабий-эстетикалык табитинин ар тараптуу болушуна, турмушту кабылдоосуна, ойлоо сезимдерин калыптандырууда педагогикалык жана методикалык мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануунун натыйжалуу жолдору, каражаттары сунушталган.

**5. Алынган жыйынтыктардын практикалык баалуулугу.**

**А.Б.Батыркулованын** изилдөөдөн келип чыккан негиздемелери, тыянактары, сунуштары кыргыз мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууга салым кошот. Изилдөөнүн материалдары мектепте, орто жана жогорку окуу жайларында усулдук колдонмо катары пайдаланылат. Кыргыз адабияты боюнча билим берүү стандартын өркүндөтүүгө, ОМКин даярдоого жардам берет.

SunRav информациялык системасында электрондук окуу материалдарынын негизинде түзүлгөн электрондук китеби окуучулардын өз алдынча билимин өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт, жалпы интернет ресурстарынан өз алдынча окуп үйрөнүүгө ар бир каалоочу окурмандардын билип алуусун шарт болот, түзүлгөн электрондук окуу китеби мектеп окуу программасы боюнча мугалимдерге методикалык булактар катары колдонулат.

**Изденүүчү Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын ишинин жыйынтык-сунуштарын ишке ашыруунун жыйынтыктар боюнча төмөнкүдөй оң натыйжалар алынган:**

1. V-IX класстарда легендалык чыгармаларды окутуп-үйрөтүүнүн учурдагы абалын, окуу программаларындагы, окуу китептериндеги орун алышын жана илимий-методикалык эмгектердеги изилденишинин деңгээли аныкталган, аларды илимий-методикалык жактан жалпылаган;

2. Легендалык чыгармаларды окутууда салттуу жана интерактивдүү методдорду айкалыштыруу аркылуу окуучулардын көркөм-эстетикалык, адеп-ахлактык, инсандык баалуулуктарын калыптандыруунун мүмкүндүктөрүн тапкан;

3. Легендалык чыгармаларды окутууда инновациялык технологияларды пайдалануунун артыкчылыктарын көрсөтүү аркылуу, окутуунун натыйжалуу методдорун иштеп чыккан;

4. Иштелип чыккан теориялык жана практикалык ой корутундуларды педагогикалык тажрыйбадан өткөрүп, сунушталган методиканын майнаптуулугун практикада текшерген.

**6. Диссертациялык иштин негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана натыйжаларынын жарыялангандыгын тастыктоо.** Иштин негизги мазмуну изденүүчүнүн төмөнкү эмгектеринде чагылдырылган:

1. Батыркулова А. Б. Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары. Кыргыз адабияты / КРнын мектеп-нде предметтик билим берүүнүн мам-тик *стандарттары.* / Түз. Байгазиев С., Муратов А., Турдугулов А. , Үсөналиев Т. - Бишкек-2006. - 201-212-бб.

2. Батыркулова А.Б. Кыргыз адабияты (Антология). Элдик балдар фольклору IV том / Кыргыз адабиятынын *антологиясы* – түз. Рысбаев С.К., Абдухамидова Б.А. – Б., 2012.

3. Батыркулова А.Б. Орто мектепте кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун технологиялары : *усулдук колдонмо.* – Бишкек, 2008.

4. Батыркулова А. Б. Ала-Тоо уламыштары 1-2 том : *усулдук колдонмо* / С. Рысбаев, А.Б. Батыркулова, М.К. Мадумарова, К. Ураимов, К. Ибрагимова, А. Мукамбетова - Бишкек, 2016. – 1 том.

5. Батыркулова А. Б. Ала-Тоо уламыштары 1-2 том : *усулдук колдонмо* / С. Рысбаев, А.Б. Батыркулова, М.К. Мадумарова, К. Ураимов, К. Ибрагимова, А. Мукамбетова - Бишкек, 2016. – 2 том.

6. Батыркулова А.Б. Кыргыз адабиятынын *календарлык планы* 5-11-класстар / КББАнын “Окуу китеби” басмаканасы. Бишкек-2019- 58 б. Макалалар:

7. Батыркулова А. Б. «Толубай сынчы» поэмасында сынчыл ойлоону өнүктүрүү // Материалы международной научно-прак. конференции «Образование в XXI веке: Ценность и перспективы» - Бишкек, 2002.- 202-207.-бб.

8. Батыркулова А. Б. V-класста «Бугу эне» легендасын окутууда диспут жана сахна сабактарын айкалыштыруу //Эл агартуу - 2007 - № 7-8. - 28-34-бб.

9. Батыркулова А.Б. Уламыштын негизинде жазылган чыгармаларды окутуунун айрым маселелери // Кыргыз билим берүү академиясынын 60 жылдыгына арналган XXIV Республикалык педагогикалык окуулардын тандалган материалдары. –Бишкек, 2011.-166-170-бб.

10. Батыркулова А. Б. Мыкты сабак –ийгиликтин ачкычы : *усулдук колдонмо.* – Бишкек, 2011.

11. Батыркулова А. Б. 6-класста «Чептен эрдин күчү бек» поэмасы аркылуу этнопедагогикалык идеялар боюнча тарбия берүү // Кыргыз тили жана адабияты: Окутуунун инновациялык технологиялары. – 2012. - №1 - 149-152 –бб.

12. Батыркулова А.Б. Некоторые проблемы изучения произведений, написанных на основе фольклорного сюжета // Сборник материалов Республиканской научно-практ. конференции. - Фергана. - 2012. - С.194-195.

13. Батыркулова А.Б. Ч.Айтматовдун «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт» повестин окутуудагы интерактивдүү ыкмалар // Кыргыз тили жана адабияты: Окутуунун инновациялык технологиялары. -2013. - №2 -124-128-бб.

14. Батыркулова А.Б. Методы использования мультимедийных технологий в процессе преподования манасоведения // Материалы VII Международной конференции, посвещенной 80-летию КГТК им. Т.Кулатова. – Москва: РУДН. - 2013.- С. 88-92.

15. Батыркулова А. Б. Ч.Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романын окутуудагы уламыштардын мааниси // Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жарчысы – 2013. - №1. - 85-90-бб.

16. Батыркулова А. Б. Орто мектепте уламыштын негизинде жазылган чыгармаларды окутуу // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. - №2 (26) - 2013. - 35-39-бб.

17. Батыркулова А. Б. Жаш муунду тарбиялоодо элдик педагогиканын ролу. (Ч.Айтматовдун “Ак кеме” повестинин мисалында) // КББА кабарлары XXV Республикалык педагогикалык окуулардын тандалган материалдары. 8-9-декабрь, 2014. -104-108-бб.

18. Батыркулова А.Б. 6-класста А.Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасынын идеялык-тематикалык негизин, көркөмдүк бөтөнчөлүктөрүн окутуунун жолдору // И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин Жарчысы - 2015. -399-406-бб.

19. Батыркулова А. Б. Ж.Садыковдун “Энелердин жүрөгү” поэмасын окутуунун ыкмалары жана жолдору // Известия вузов.- 2017. - №4. – 137-139-бб.

20. Батыркулова А.Б. Modern Ways of Application of innovative Teaching Methods for the Development of Creative Activity in the Teaching Process/ Springer. – 2019.

21. Батыркулова А.Б. Литературное развитие учащихся в школах Кыргызстана // Научный аспект. – 2019. - № 12.

22. Батыркулова А. Б. Воспитательные основы легенд в романе Ч.Айтматова «И дольше века длиться день» // Научный аспект. -2019 - № 12.

23. Батыркулова А. Б. Легендалык чыгармаларды окутуудагы өзгөчөлүктөр // Известия КАО. - Бишкек, 2019.

**7. Автореферattтын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Авторефераттын мазмуну диссертациялык иштин мазмунуна дал келет. Автореферат кыргыз жана орус тилдеринде чыгарылган, резюмеси кыргыз, орус жана англис тилдеринде берилген.

**8. Жетектөөчү мекемени, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндөгү сунуштун негиздүүлүгү.**

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы жетектөөчү мекеме катары Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы, Педагогика жана психология кафедраларын сунуштайт. Аталган кафедрада сунушталган илимдин тармагы боюнча илимдин докторлору, кандидаттары: Сакиева С.С. – п.и.д., профессор 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты), Токтогулов С.- п.и.д. 13.00.01-жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы, Найманбаев А.М. – п.и.д. 13.00.01-жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы, Ураимов К.М. – п.и.к., Эшиев Ж.М.-п.и.к. , Эшиев А.М.-п.и.к., Калдаров Ы.А.- п.и.к., доцент, Рыскулова Г.У.-п.и.к., Тажибаева Ж.К. –п.и.к., Халдарова Ы.А. - п.и.к., доцент, Ажыкулов С.М.-п.и.к. ж.б. эмгектенишет.

**Эксперттик комиссия расмий оппоненттер катары төмөнкү адистерди сунуш кылат:**

- **Биринчи расмий оппонент** катары кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис, педагогика илимдеринин доктору, доцент **Акматов Кыялбек Камутовичти** сунуш кылат (13.00.02). Анын эмгектери: 1. Кыргыз адабияты: Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 11-класстары үчүн хрестоматия окуу китеби. – Б.: 2014. – 200 б. (С.Момуналиев менен авторлош); 2. Кыргыз адабияты: Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 10-класстары үчүн хрестоматия окуу китеби. – Б.: 2014. – 200 б. (С.Момуналиев менен авторлош); 3. Жогорку класстарда акын-жазуучулардын өмүр баянын чыгармалары менен биримдикте окутуу. – Б.: 2016, - 64 б; 4. V-VIII класстарда акын-жазуучулардын өмүр баяны тууралуу маалымат берүүнүн методикасы. – Б.: 2016, - 64 б; 5. Айтматовду мектепте окутуу. 1-китеп. – Б.: 2017, - 304 б; 6. Айтматовду мектепте окутуу. 2-китеп. –Б.: 2017, - 276 б; 7. Кыргыз адабияты. Колледждин студенттери үчүн хрестоматия-окуу китеби. 1-китеп (А.Муратов, К.Исаков менен авторлош). – Б.: 2018, - 372 б; 8. Кыргыз адабияты. Колледждин студенттери үчүн хрестоматия-окуу китеби. 2-китеп (А.Муратов, К.Исаков менен авторлош). – Б.: 2018, - 468 б; 9.

Кыргыз адабияты. Жалпы билим берүүчү мектептердин 6-классы үчүн окуу китеби. (А.Муратов, Б.Абдухамидова менен авторлош). – Б.: 2018, - 260 б.

**Экинчи расмий оппонент катары** кыргыз адабиятын окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент **Э.К. Абдырасулованы** сунуш кылат (13.00.02). Анын эмгектери: 1.Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы жомокторду жана трагедиялуу көрүнүштөрдү окутуу: Методикалык колдонмо -Б.: Кут бер, 2009. -24 б.; 2. Ч.Айтматовдун "Бетме-бет" повесттин окутуу: Методикалык колдонмо. -Б.: Кут бер, 2009. -25 б.; 3.Ч .Айтматовдун повесттерин окутуунун методикалык системасы –Б.: КУАУнун Жарчысы, 2009. -380-383-бб.; 4.Методика проведения в школе внеклассной работы по лингвистическим дисциплинам: Методическое пособие. -Б.: 2009. -52б.; 5.Акын, жазуучулардын өмүр баянын өтүүдөгү этнопедагогикалык айрым маселелер. – Б.: КУУнун Жарчысы, 2010. -132-136-бб.; 6.Кеп маданияты көөнөрбөс тил байлыгы // Мамлекеттик тил боюнча мыйзам чыгаруудагы маселелер. –Б.: ЖК, 2015. -61-66-бб.; 7.Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы элдик таалим-тарбия салттарын окутуу//Салттык педагогикалык маданият жана балдар дүйнөсү VIII Республикалык илимий-практикалык симпозиумдун жыйнагы. –Б.: 2017.- 8-17- бб.; 8.Ч.Айтматовдун чыгармаларын окутуу: Монография. –Б.: 2019, Кут-Бер. -142 б.

Эксперттик комиссия берилген эмгектерди карап чыгып, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы Д.13.20.623 диссертациялык кеңешине 13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын "Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы" деп аталган диссертациялык ишин коргоого сунуш кылат.

**Эксперттик комиссиянын төрагасы,**
**педагогика илимдеринин доктору, доцент** Акматов К.К.

Дата поступления заключения в ДС Д 13.20.2020
12 дек 2020 г

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
14.12.2020

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

К. Акматовдун колун тастыктайм
Н.К. Олуров, мүчөлөрдүн орун басар

**Изденүүчү Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын** 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн **“Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы”** деген темадагы диссертациясына И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.20.623 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиянын мүчөсү – педагогика илимдеринин доктору, доцент
Үкүева Бүшарипа Кожояровнанын

## БҮТҮМҮ

Эксперт п.и.д., доцент Б.К. Үкүева изденүүчү Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы”деген темадагы диссертациясы менен таанышып чыгып төмөнкүлөрдү ырастайт:

Изденүүчү Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын “Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы”деген темадагы кандидаттык изилдөөсү өзүнүн обьектиси, предмети, изилдөө методдору боюнча Д 13.20.623 диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Иште 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистигинин паспортуна толук ылайык келген проблемалар камтылган. Анда орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуу 5-9-класстын мисалында илимий -теориялык жана илимий-методикалык жактан кеңири планда изилденет.

**Изилдөөнүн максаты -орто мектептин кыргыз адабияты курсунда** легендалык чыгармаларды окутуунун азыркы талаптарга шайкеш методикасын иштеп чыгуу, экспериментте текшерүү жана практикага сунуш кылуу. Бул максатты ишке ашыруу үчүн легенда менен уламыштын негизинде жазылган чыгармаларды терминдик жактан бир типке келтирүү жана окуу китептеринде, программаларында, методикалык адабияттарда аталыштарына тактоо жүргүзгөн, легендалык чыгармалардын адабият

таануу, кыргыз адабиятын окутуунун методикасы илимдеринде изилденишин үйрөнүп жалпылаштырган; легендалык чыгармалардын окуу программалары менен окуу китептеринде берилишин талдап, легендалык чыгармаларды окутуунун методикасын иштеп чыккан, практикалык колдонууга сунуштаган, эксперименттик иштерди практик мугалим катары өзү жүргүзгөн.

Диссертациянын мазмуну, коргоого коюлуп жаткан жоболор 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистигинин талаптарына жооп берет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**. Жалпы билим берүүчү мекемелерде таалим-тарбия иштерин улуттук маданий жана адабий баалуулуктар менен жалпы адамзаттык баалуулуктарды айкалыштыруу менен жүргүзүү талабына артыкчылыктуу маани берилип келет. Улуттук жана адамзаттык асыл баалуулуктардын башаты да, бай казынасы да көркөм адабиятта, анын ичинде элдик оозеки чыгармаларда камтылган. «Адабияттын предмети адам жана анын турмушу», ал эми «адабият сабагы адам таануу сабагы» экендигин эске алганда, кыргыз адабиятын орто мектептерде окутуунун мааниси, инсанды калыптандырып, таалим-тарбия берүүдөгү орду менен ролу канчалык экендиги айкындалат.

Кыргыз адабияты өзүнчө предмет катары мектептерде окутула башталышы жүз жылга чукулдап барат. Бир кылымга тете мезгил ичинде адабиятты окутуунун бай практикалык тажрыйбалары топтолуп, кыргыз адабиятын окутуунун методикасы өзүнчө илим катары калыптанып, өнүгүп, азыркы билим берүүнүн талаптарына ылайык өркүндөтүлүүдө. Кыргыз адабиятын окутуунун теориялык жана практикалык бир катар орчундуу маселелери ийгиликтүү чечилип, окутуу процессинде колдонулуп келет. Аталган илимдин калыптанып өнүгүшүнө, азыркы абалына К.Иманалиев, Б.Алымов, С.Байгазиев, И.Исамидинов, С.Батаканова, С.Момуналиев, Н.Ишекеев, С.Рысбаев, А.Муратов, С.Сакиева, Б.Акматов, К.Акматов ж.б. окумуштуу-методисттердин илимий-методикалык эмгектери оз салымдарын кошкон. Бул багыттагы изилдөө иштери улантылууда. Легенда менен уламыш терминдеринин адабият таанууда такталбай келе жаткандыгы окуу процессинде ага бирдиктүү баа берилбей, чаташып айтылышына себеп болуп келет. Окуу программаларында бирде легендалык, бирде уламыштын негизинде жазылган чыгармалар деп айрым поэмаларды, повесттерди, драмаларды атай беребиз. Ошондуктан адабият таануучулук жактан талдоо, методикалык жактан бирдиктүү термин менен атоо зарылчылыгы туулууда. Мына ушунун өзү изилдөөнүн актуалдуулугун аныктайт. Иликтөө жүргүзүүнү А.Б.Батыркулова тарабынан колго алынышы кубаттоого аларлык

көрүнүш. Ошондуктан А.Б.Батыркулованын диссертациялык изилдөөсү үчүн тандап алган темасынын актуалдуулугу шексиз.

**Изилдөөнүн объектиси:** кыргыз мектептеринин V-IX класстарында легендалык чыгармаларды окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети: орто мектептин кыргыз адабияты курсунда** легендалык чыгармаларды окутуу.

**Изилдөөдө** «Легенда» (уламыш) термин-түшүнүгүнүн адабий жанрдын табияты такталып, легендалык чыгармаларды окутуунун илимий-методикалык негиздери аныкталып жана легендалык чыгармаларды окутуу боюнча илимий-методологиялык талдоолор жүргүзүлүп, негиздүү жана ынанымдуу жыйынтыктар чыгарылган.

**Диссертацияда чыгарылган ар бир жыйынтыктын (илимий жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгүнүн деңгээли.**

**Биринчи жыйынтык** изилдөөдөн келип чыккан негиздемелер, тыянактар, сунуштар окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууга салым кошот.

**Экинчи жыйынтык** адабият боюнча программалардын жана окуу китептеринин легендалык чыгармаларга тиешелүү бөлүмдөрүн тактап, методикасын өркүндөтүүгө көмөк көрсөтот.

**Үчүнчү жыйынтык** изилдөө ишиндеги материалдар окуучулардын өз алдынча чыгармачылык менен ой жүгүртүүсүн, продуктивдүү, креативдүү деңгээлдерин өстүрүүгө өбөлгө түзөт.

**Төртүнчү жыйынтык** V-IX класстарда легендалык чыгармаларды окутуу иштерин жакшыртууга, жалпы эле таалим-тарбия берүү тармагын жакшыртууга комөктөшөт. SunRav информациялык системасында электрондук окуу материалдарынын негизинде түзүлгөн электрондук китеби окуучулардын өз алдынча билимин өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Жалпы интернет ресурстарынан өз алдынча окуп үйрөнүүнү ар бир каалоочу окурмандардын билип алуусуна шарт түзүлөт. Түзүлгөн электрондук окуу китеби мектеп окуу программасы боюнча мугалимдерге методикалык булак катары колдонулат.

**Диссертацияда изденүүчү чыгарган ар бир иштеги илимий жыйынтыктарынын (жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун жаңылык деңгээли:**

**1-жыйынтык.** Жаңы. Легенда менен уламыштын негизинде жазылган чыгармаларды терминдик жактан бир типке келтирүү менен окуу китептеринде, программаларында, методикалык адабияттарда аталыштары такталган.

**2-жыйынтык.** Жарым-жартылай жаңы. легендалык чыгармаларды окутууда салттуу жана интерактивдүү методдорду айкалыштыруу аркылуу окуучулардын көркөм-эстетикалык, адеп-ахлактык, инсандык баалуулуктарын калыптандыруунун мүмкүндүктөрү иштелип чыгылган.

**3-жыйынтык.** Жарым-жартылай жаңы. Легендалык чыгармаларды окутууда инновациялык технологияларды пайдалануунун артыкчылыктары көрсөтүлүп, окутуунун натыйжалуу методдору иштелип чыгылган.

**4-жыйынтык.** Жаңы. Окуучулардын адабий-эстетикалык табитинин ар тараптуу болушуна, турмушту кабылдоосуна, ойлоо сезимдерин калыптандырууда педагогикалык жана методикалык мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануунун натыйжалуу жолдорун, каражаттарын сунуштаган.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык баалуулугу**

**А.Б. Батыркулованын** изилдөөдөн келип чыккан негиздемелери, тыянактары, сунуштары окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууга салым кошот. Изилдөөнүн материалдары мектепте, орто жана жогорку окуу жайларында усулдук колдонмо катары пайдаланылат. Кыргыз адабияты боюнча билим берүү стандартын өркүндөтүүгө, ОМКин даярдоого жардам берет.

SunRav информациялык системасында электрондук окуу материалдарынын негизинде түзүлгөн электрондук китеби окуучулардын өз алдынча билимин өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк түзөт, жалпы интернет ресурстарынан өз алдынча окуп үйрөнүүгө ар бир каалоочу окурмандардын билип алуусуна шарт түзүп, мектеп окуу программасы боюнча мугалимдерге методикалык булак катары колдонулат.

Диссертациялык изилдөөдөн алынган негизги жыйынтыктар, көрсөткүчтөр, бүтүм-корутундулар КР ЖАКнын тизмесине кирген же индекстелген системага кирген басылмаларда диссертанттын авторлугу менен жарык көргөн 18 макалада (1 SKOPUS, 3 РИНЦ РФ, 3 РИНЦ КР) жарыяланган. жана 4 окуу-методикалык колдонмосунда чагылдырылган:

Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын “Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы”деген темадагы

диссертациясы КР ЖАКнын кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына жооп берет, ал эми анын автору 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

**Жетектөөчү мекемени, расмий оппоненттерди дайындоо боюнча сунуштун негиздүүлүгү**

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы жетектөөчү мекеме катары Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы, Педагогика жана психология кафедраларын сунуштайт.

**Эксперттик комиссия расмий оппоненттер катары төмөнкү адистерди сунуш кылат:**

**Биринчи расмий оппонент** катары кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис, педагогика илимдеринин доктору, доцент **Акматов Кыялбек Камутовичти** сунуш кылат (13.00.02). Анын эмгектери: Кыргыз адабияты: Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 11-классы үчүн хрестоматия окуу китеби. Б.: 2014- 200 б. (С.Момуналиев менен авторлош); 2. Кыргыз адабияты: Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 10-класстары үчүн хрестоматия окуу китеби. Б.: 2014- 200 б. (С.Момуналиев менен авторлош); 3. Жогорку класстарда акын-жазуучулардын өмүр баянын чыгармалары менен биримдикте окутуу – Б.:2016,-64б; 4. V-VIII класстарда акын-жазуучулардын өмүр баяны тууралуу маалымат берүүнүн методикасы.-Б: 2016, -64б; 5. Ч.Айтматовду мектепте окутуу. 1-китеп.-Б.: 2017, -304б; 6. Айтматовду мектепте окутуу. 2-китеп. –Б.: 2017,-276 б; 7. Кыргыз адабияты: Колледждин студенттери үчүн хрестоматия окуу китеби. 1-китеп. (А.Ж.Муратов, К.А.Исаков менен авторлош), – Б.: 2018, – 372 б; 8. 2-китеп. (А.Ж.Муратов, К.А.Исаков менен авторлош).- Б.:2018, -468 б; 9. Кыргыз адабияты. Жалпы билим берүүчү мектептердин 6-классы үчүн окуу китеби.(А.Ж.Муратов, Б.А.Абдухамидова менен авторлош). – Б.:2018, – 260 б.

**Экинчи расмий оппонент катары** кыргыз адабиятын окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент **Э.К. Абдырасулованы** сунуш кылат (13.00.02). Анын эмгектери:1.Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы жомокторду жана трагедиялуу көрүнүштөрдү окутуу: Методикалык колдонмо -Б.: Кут бер, 2009. -24 б. 2. Ч.Айтматовдун “Бетме-бет” повесттин окутуу: Методикалык колдонмо. -Б.: Кут бер, 2009. -25 б. 3.Ч .Айтматовдун повесттерин окутуунун методикалык системасы –Б.: КУАУнун Жарчысы, 2009. -380-383-бб. 4.Методика проведения в школе внеклассной работы по лингвистическим дисциплинам: Методическое пособие. -Б.: 2009. -52б. 5.Акын, жазуучулардын өмүр баянын өтүүдөгү этнопедагогикалык айрым маселелер.

– Б.: КУУнун Жарчысы, 2010. -132-136-бб. 6.Кеп маданияты көөнөрбөс тил байлыгы // Мамлекеттик тил боюнча мыйзам чыгаруудагы маселелер. –Б.: ЖК, 2015. -61-66-бб. 7.Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы элдик таалим-тарбия салттарын окутуу //Салттык педагогикалык маданият жана балдар дүйносү VIII Республикалык илимий-практикалык симпозиумдун жыйнагы. –Б.: 2017.- 8-17- бб. 8.Ч.Айтматовдун чыгармаларын окутуу: Монография. – Б.: 2019, Кут-Бер. -142 б.

Эксперттик комиссия берилген эмгектерди карап чыгып, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы Д.13.20.623 диссертациялык кеңешине 13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын "Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы" деп аталган диссертациялык ишин коргоого сунуш кылат.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү:** Үкүева Б.К.
педагогика илимдеринин доктору, доцент

Б.К. Үкүеванын колун тастыктаймын
ОшМУнун окумуштуу катчысы, доцент
Асанбекова

Дата поступления в ДС
Д.13.20.623 16.дек 2020г
Учен. секр: [illegible]

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

**Изденүүчү Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын “Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы” деген темада 13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча жазылган кандидаттык диссертациялык ишине И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) жана психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д.13.20.623 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү педагогика илимдеринин доктору, профессор В.И.Мусаеванын**

**БҮТҮМҮ**

Изденүүчү Батыркулова Айгүл Бекмурзаевна “Орто мектептин кыргыз адабияты легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы” деген темада 13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча жазылган кандидаттык диссертациялык ишин карап чыгып, **диссертация тууралуу төмөнкүлөрдү ырастайт:**

1.Изденүүчү Батыркулова Айгүл Бекмурзаевна “Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы” деген темадагы кандидаттык диссертациялык иши Д. 13.20.623 диссертациялык кеңешинин профилине туура келет.

Диссертацияда 13.00.02- окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистигинин паспортуна толугу менен жооп берген орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы соңку талаптарга ылайык иштелип чыккан.

**Изилдөөнүн максаты– орто мектептин кыргыз адабияты курсунда** легендалык чыгармаларды окутуунун азыркы талаптарга шайкеш методикасын иштеп чыгуу, эксперименттик текшерүү жана практикага сунуш кылуу.

Бул максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюлган:

- легенда менен уламыштын негизинде жазылган чыгармаларды терминдик жактан бир типке келтирүү жана окуу китептерде, программаларында, методикалык адабияттарда аталыштарын тактоо;

- легендалык чыгармалардын адабият таануу, кыргыз адабиятын окутуунун методикасы илимдеринде изилденишин үйрөнүү, жалпылаштыруу;

- легендалык чыгармалардын окуу программалары менен окуу китептеринде берилишин талдоо;

- легендалык чыгармаларды окутуунун методикасын иштеп чыгуу;

- иштелип чыккан методиканы педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү, толуктоо жана практикалык колдонууга сунуш кылуу;

**Диссертациялык иштин обьектиси** – кыргыз адабиятын орто мектепте окутуу процесси

**Изилдөөнүн методдору** – илимий изилдөөлөрдү теориялык-методологиялык талдоо; нормативдик документтерди окуп үйрөнүү; байкоо, анкета, тестирлөо, аңгемелешүү, алдыңкы тажрыйбаларды үйрөнүү, анализ, синтез, моделдөө, педагогикалык тажрыйба.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу:**

Жалпы билим берүүчү мекемелерде таалим-тарбия иштерин улуттук маданий жана адабий баалуулуктар менен жалпы адамзаттык баалуулуктарды айкалыштыруу менен жүргүзүү талабына артыкчылыктуу маани берилип келет. Улуттук жана адамзаттык асыл баалуулуктардын башаты да, бай казынасы да көркөм адабиятта, анын ичинде элдик оозеки

чыгармаларда камтылган. «Адабияттын предмети адам жана анын турмушу», ал эми «адабият сабагы адам таануу сабагы» экендигин эске алганда, кыргыз адабиятын орто мектептерде окутуунун мааниси, инсанды калыптандырып, таалим-тарбия берүүдөгү орду менен ролу канчалык экендиги айкындалат.

Кыргыз адабияты өзүнчө предмет катары мектептерде окутула башталышы жүз жылга чукулдап барат. Бир кылымга тете мезгил ичинде адабиятты окутуунун бай практикалык тажрыйбалары топтолуп, кыргыз адабиятын окутуунун методикасы өзүнчө илим катары калыптанып, өнүгүп, азыркы билим берүүнүн талаптарына ылайык оркүндөтүлүүдө. Кыргыз адабиятын окутуунун теориялык жана практикалык бир катар орчундуу маселелери ийгиликтүү чечилип, окутуу процессинде колдонулуп келет. Аталган илимдин калыптанып өнүгүшүнө, азыркы абалына К.Иманалиев, Б.Алымов, С.Байгазиев, И.Исамидинов, С.Батаканова, С.Момуналиев, Н.Ишекеев, С.Рысбаев, А.Муратов, С.Сакиева, Б.Акматов, К.Акматов ж.б. окумуштуу-методисттердин илимий-методикалык эмгектери өз салымдарын кошкон. Бул багыттагы изилдөө иштери улантылууда. Легенда менен уламыш терминдеринин адабият таанууда такталбай келе жаткандыгы окуу процессинде ага бирдиктүү баа берилбей, чаташып айтылышына себеп болуп келет. Окуу программаларында бирде легендалык, бирде уламыштын негизинде жазылган чыгармалар деп айрым поэмаларды, повесттерди, драмаларды атай беребиз. Ошондуктан адабият таануучулук жактан талдоо, методикалык жактан бирдиктүү термин менен атоо зарылчылыгы турат. Мына ушунун өзү изилдөөбүздүн керектүүлүгүнүн бир себеби болуп саналат.

Кыргыз адабият таануу илиминдеги мындай көрүнүш орто мектептерде кыргыз адабиятын окуу программасына да өз таасирин тийгизип келет. Кыргыз адабиятынын программасында [78] Ч.Айтматовдун «Бугу Эне»-уламыш, Ж.Садыковдун «Эненин жүрөгү»-уламыш, А.Осмоновдун

«Толубай сынчы»- уламыш, ал эми «Карагул ботом» - легенда катары окутууга сунуш кылынган.

Орто мектепте кыргыз адабиятын окутууда легендалар 1950-жылы окуу программасына киргизилип, окутула баштагандыгына карабастан, аталган жанрдагы чыгармаларды окутуу процессине төмөнкүдөй **карама-каршылыктар** орун алып келе жаткандыгы ачыкталды.

- «легенда» жана «уламыш» термин түшүнүктөрүнүн адабият таануу менен адабиятты окутууда бирдиктүү пикирдин тактала электиги;

- легенда менен уламыштын негизинде жазылган чыгармалардын терминдик жактан бир типке келтирилбегендиги жана окуу китептерде, программаларда, методикалык адабияттарда аталыштардын такталбагандыгы;;

- практик мугалимдердин аталган термин боюнча түшүнүктөрүнүн чектелүү экендиги;

- легендалык чыгармаларды окутуунун методикасынын иштелип чыгып, колдонууга сунуш кылынбагандыгы;

-натыйжада, кыргыз адабияты мугалимдери легендалык чыгармаларды окутууда бир катар теориялык жана практикалык кыйынчылыктарга дуушар болушу ж.б. Аныкталган карама-каршылыктар диссертациялык изилдөөнүн темасын «Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы» деп алууга негиз болду.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** «легенда» (уламыш) термин-түшүнүгүнүн адабий жанрдын табиятынын такталышында, легендалык чыгармаларды окутуунун илимий-методикалык негиздеринин аныкталышында; методологиялык негиздеринин, изилдоо методдорунун такталышында; легендалык чыгармаларды окутуунун технологияларынын иштелип чыгышында.

**2. Иштин жыйынтык-корутундуларынын негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгүнүн деңгээли.**

**Биринчи жыйынтык** изилдөөдөн келип чыккан негиздемелер, тыянактар, сунуштар кыргыз мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууга салым кошот.

**Экинчи жыйынтык** адабият программаларынын жана окуу китептеринин легендалык чыгармаларга тиешелүү бөлүмдөрүн тактап, методикасын өркүндөтүүгө көмөк көрсөтөт.

**Үчүнчү жыйынтык** изилдөө ишиндеги материалдар окуучулардын өз алдынча чыгармачылык менен ой жүгүртүүсүн, продуктивдүү, креативдүү деңгээлдерин өстүрүүгө өбөлгө түзөт.

**Төртүнчү жыйынтык** V-IX класстарда легендалык чыгармаларды окутуу иштерин жакшыртууга, жалпы эле таалим-тарбия берүү тармагын жакшыртууга көмөктөшөт.

**Бешинчи жыйынтык** изилдөөнүн материалдары мектепте, орто жана жогорку окуу жайларында усулдук колдонмо катары пайдаланылат.

**Алтынчы жыйынтык** SunRav информациялык системасында электрондук окуу материалдарынын негизинде түзүлгөн электрондук китеби окуучулардын өз алдынча билимин өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк түзүлот. Жалпы интернет ресурстарынан өз алдынча окуп үйрөнүүгө ар бир каалоочу окурмандардын билип алуусуна шарт болот. Түзүлгөн электрондук окуу китеби мектеп окуу программасы боюнча мугалимдерге методикалык булактар катары колдонулат.

**3. Изденүүчү чыгарган илимий жыйынтыктардын (жоболордун) жана корутунду-тыянактардын жаңылык деңгээли.**

**1-жыйынтык.** Жаңы. Легенда менен уламыштын негизинде жазылган чыгармаларды терминдик жактан бир типке келтирүү жана окуу китептерде, программаларында, методикалык адабияттарда аталыштары такталды

**2-жыйынтык.** Жарым-жартылай жаңы. легендалык чыгармаларды окутууда салттуу жана интерактивдүү методдорду айкалыштыруу аркылуу окуучулардын көркөм-эстетикалык, адеп-ахлактык, инсандык баалуулуктарын калыптандыруунун мүмкүндүктөрү иштелип чыкты.

**3-жыйынтык.** Жарым-жартылай жаңы. легендалык чыгармаларды окутууда инновациялык технологияларды пайдалануунун артыкчылыктары көрсөтүлүп, окутуунун натыйжалуу методдору иштелип чыкты. Аталган жанрдагы чыгармаларды окутууда адабият мугалими мындай чыгармалардын жанрдык өзгөчолүгүнө өзгөчө көңүл бурушу керектигине токтолдук, анткени окуучу өтүлүп жаткан материалды дал ошол уламыштык негизди түшүнбөсө, андагы идеялык-тематикалык байлыкты өздөштүрө албайт.

**4-жыйынтык.** Жаңы. Окуучулардын адабий-эстетикалык табитинин ар тараптуу болушуна, турмушту кабылдоосуна, ойлоо сезимдерин калыптандырууда педагогикалык жана методикалык мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануунун натыйжалуу жолдорун, каражаттарын сунуштадык. Кыргыз адабияты боюнча билим берүү стандартын өркүндөтүүгө, ОМКин даярдоого жардам берет.

SunRav информациялык системасында электрондук окуу материалдарынын негизинде түзүлгөн электрондук китеби окуучулардын өз алдынча билимин өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт, жалпы интернет ресурстарынан өз алдынча окуп үйрөнүүгө ар бир каалоочу окурмандардын билип алуусун шарт болот, түзүлгөн электрондук окуу китеби мектеп окуу программасы боюнча мугалимдерге методикалык булактар катары колдонулат.

**4. Иштин теориялык жана практикалык милдеттеринин чечилишинен алынган жыйынтыктардын багытын баалоо.**

Изденүүчү Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын диссертациялык иши орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун актуалдуу маселесине арналып, изилдөөнүн ички биримдиги

жана ырааттуулугу сакталган. Иштин темасына, максаты менен милдеттерине ылайык каралуучу маселелер кармануу менен аткарылып, бардык милдеттер аткарылган. Бардык иш-аракеттер максатты ишке ашырууга багытталган.

**5. Алынган жыйынтыктардын практикалык баалуулугу.**

«Легенда» (уламыш) термин-түшүнүгүнүн адабий жанрдын табиятынын такталгандыгы, бирдиктүү бир аталышка легенда эмес уламыш деген аталышты изилдеп, эксперимент аркылуу далилдеген.

Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуу боюнча материалдар, методикалык сунуштар, технологиялар окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду өркүндөтүп түзүүдө университеттерде курстук, дипломдук, магистрдик иш жаздырууда, жалпы эле техникалык жана гуманитардык багыттагы колледждердин окутуу технологияларын этнопедагогикалык негизде жаңылоодо көмөк көрсөтөт.

**Изденүүчү Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын ишинин жыйынтык-сунуштарын ишке ашыруунун жыйынтыктар боюнча төмөнкүдөй оң натыйжалар алынган:**

1. Легенда менен уламыштын негизинде жазылган чыгармаларды териминдик жактан бир типке келтирүү жана окуу китептерде, программаларында, методикалык адабияттарда аталыштары такталды
2. V-IX класстарда легендалык чыгармаларды окутуп-үйрөтүүнүн учурдагы абалын, окуу программаларындагы, окуу китептериндеги орун алышын жана илимий-методикалык эмгектердеги изилденишинин деңгээли аныкталган, аларды илимий-методикалык жактан жалпылаган;
3. Легендалык чыгармаларды окутууда салттуу жана интерактивдүү методдорду айкалыштыруу аркылуу окуучулардын көрком-

эстетикалык, адеп-ахлактык, инсандык баалуулуктарын калыптандыруунун мүмкүндүктөрүн тапкан;

4. Легендалык чыгармаларды окутууда инновациялык технологияларды пайдалануунун артыкчылыктарын көрсөтүү аркылуу, окутуунун натыйжалуу методдорун иштеп чыккан;
5. Иштелип чыккан теориялык жана практикалык ой корутундуларды педагогикалык тажрыйбадан өткөрүп, сунушталган методиканын майнаптуулугун практикада текшерген.

**6.Диссертациялык иштин негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана натыйжаларынын жарыялангандыгын тастыктоо.** Иштин негизги мазмуну изденүүчүнүн төмөнкү эмгектеринде чагылдырылган:

1. Батыркулова А. Б. Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары. Кыргыз адабияты / КРнын мектеп-нде предметтик билим берүүнүн мам-тик *стандарттары.* / Түз. Байгазиев С., Муратов А., Турдугулов А. , Үсөналиев Т. - Бишкек-2006. - 201-212-бб.
2. Батыркулова А.Б. Кыргыз адабияты (Антология). Элдик балдар фольклору IV том / Кыргыз адабиятынын *антологиясы* – түз. Рысбаев С.К., Абдухамидова Б.А. – Б., 2012.
3. Батыркулова А.Б. Орто мектепте кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун технологиялары : *усулдук колдонмо*. – Бишкек, 2008.
4. Батыркулова А. Б. Ала-Тоо уламыштары 1-2 том : *усулдук колдонмо* / С. Рысбаев, А.Б. Батыркулова, М.К. Мадумарова, К. Ураимов, К. Ибрагимова, А. Мукамбетова - Бишкек, 2016. – 1 том.
5. Батыркулова А. Б. Ала-Тоо уламыштары 1-2 том : *усулдук колдонмо* / С. Рысбаев, А.Б. Батыркулова, М.К. Мадумарова, К. Ураимов, К. Ибрагимова, А. Мукамбетова - Бишкек, 2016. – 2 том.
6. Батыркулова А.Б. Кыргыз адабиятынын *календарлык планы* 5-11-класстар / КББАнын “Окуу китеби” басмаканасы. Бишкек-2019- 58 б. Макалалар:

7. Батыркулова А. Б. «Толубай сынчы» поэмасында сынчыл ойлоону өнүктүрүү // Материалы международной научно-прак. конференции «Образование в XXI веке: Ценность и перспективы» - Бишкек, 2002.- 202-207.-бб.
8. Батыркулова А. Б. V-класста «Бугу эне» легендасын окутууда диспут жана сахна сабактарын айкалыштыруу //Эл агартуу - 2007 - № 7-8. - 28-34-бб.
9. Батыркулова А.Б. Уламыштын негизинде жазылган чыгармаларды окутуунун айрым маселелери // Кыргыз билим берүү академиясынын 60 жылдыгына арналган XXIV Республикалык педагогикалык окуулардын тандалган материалдары. –Бишкек, 2011.-166-170-бб.
10. Батыркулова А. Б. Мыкты сабак –ийгиликтин ачкычы : *усулдук колдонмо.* – Бишкек, 2011.
11. Батыркулова А. Б. 6-класста «Чептен эрдин күчү бек» поэмасы аркылуу этнопедагогикалык идеялар боюнча тарбия берүү // Кыргыз тили жана адабияты: Окутуунун инновациялык технологиялары. – 2012. - №1 -149-152 –бб.
12. Батыркулова А.Б. Некоторые проблемы изучения произведений, написанных на основе фольклорного сюжета // Сборник материалов Республиканской научно-практ. конференции. - Фергана. - 2012. - С.194-195.
13. Батыркулова А.Б. Ч.Айтматовдун «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт» повестин окутуудагы интерактивдүү ыкмалар // Кыргыз тили жана адабияты: Окутуунун инновациялык технологиялары. -2013. - №2 -124-128-бб.
14. Батыркулова А.Б. Методы использования мультимедийных технологий в процессе преподования манасоведения // Материалы VII Международной конференции, посвещенной 80-летию КГТК им. Т.Кулатова. – Москва: РУДН. - 2013.- С. 88-92.
15. Батыркулова А. Б. Ч.Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романын окутуудагы уламыштардын мааниси // Ж.Баласагын атындагы Кыргыз

улуттук университетинин жарчысы – 2013. - №1. - 85-90-бб.

16. Батыркулова А. Б. Орто мектепте уламыштын негизинде жазылган чыгармаларды окутуу // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. - №2 (26) - 2013. - 35-39-бб.
17. Батыркулова А. Б. Жаш муунду тарбиялоодо элдик педагогиканын ролу. (Ч.Айтматовдун “Ак кеме” повестинин мисалында) // КББА кабарлары XXV Республикалык педагогикалык окуулардын тандалган материалдары. 8-9-декабрь, 2014. -104-108-бб.
18. Батыркулова А.Б. 6-класста А.Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасынын идеялык-тематикалык негизин, көркөмдүк бөтөнчөлүктөрүн окутуунун жолдору // И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин Жарчысы - 2015. -399-406-бб.
19. Батыркулова А. Б. Ж.Садыковдун “Энелердин жүрөгү” поэмасын окутуунун ыкмалары жана жолдору // Известия вузов.- 2017. - №4. – 137-139-бб.
20. Батыркулова А.Б. Modern Ways of Application of innovative Teaching Methods for the Development of Creative Activity in the Teaching Process/ Springer. – 2019.
21. Батыркулова А.Б. Литературное развитие учащихся в школах Кыргызстана // Научный аспект. – 2019. - № 12.
22. Батыркулова А. Б. Воспитательные основы легенд в романе Ч.Айтматова «И дольше века длиться день» // Научный аспект. -2019 - № 12.
23. Батыркулова А. Б. Легендалык чыгармаларды окутуудагы өзгөчөлүктөр // Известия КАО. - Бишкек, 2019.

**7. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Авторефераттын мазмуну диссертациялык иштин мазмунуна дал келет. Автореферат кыргыз жана орус тилдеринде чыгарылган, резюмеси кыргыз, орус жана англис тилдеринде берилген.

8. **Жетектөөчү мекемени, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндөгү сунуштун негиздүүлүгү.** Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы

жетектөөчү мекеме катары Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы, Педагогика жана психология кафедраларын сунуштайт. Аталган кафедрада сунушталган илимдин тармагы боюнча илимдин докторлору, кандидаттары: Сакиева С.С. – п.и.д., профессор 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты), Токтогулов С.- п.и.д. 13.00.01-жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы, Найманбаев А.М. – п.и.д. 13.00.01-жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы, Ураимов К.М. –п.и.к., Эшиев Ж.М.-п.и.к. , Эшиев А.М.-п.и.к., Калдаров Ы.А.- п.и.к., доцент, Рыскулова Г.У.-п.и.к., Тажибаева Ж.К. –п.и.к., Халдарова Ы.А. - п.и.к., доцент, Ажыкулов С.М.-п.и.к. ж.б. эмгектенишет.

**Эксперттик комиссия расмий оппоненттер катары төмөнкү адистерди сунуш кылат:**

**Биринчи расмий оппонент** катары кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис, педагогика илимдеринин доктору, доцент **К.К.Акматовду** сунуш кылат (13.00.02). Анын эмгектери: Кыргыз адабияты: Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 11-классы үчүн хрестоматия окуу китеби. Б.: 2014- 200 б. (С.Момуналиев менен авторлош); 2. Кыргыз адабияты: Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 10-класстары үчүн хрестоматия окуу китеби. Б.: 2014- 200 б. (С.Момуналиев менен авторлош); 3. Жогорку класстарда акын-жазуучулардын өмүр баянын чыгармалары менен биримдикте окутуу – Б.:2016,-64б; 4. V-VIII класстарда акын-жазуучулардын өмүр баяны тууралуу маалымат берүүнүн методикасы.-Б: 2016, -64б; 5. Ч.Айтматовду мектепте окутуу. 1-китеп.-Б.: 2017, -304б; 6. Айтматовду мектепте окутуу. 2-китеп. –Б.: 2017,-276 б; 7. Кыргыз адабияты: Колледждин студенттери үчүн хрестоматия окуу китеби. 1-китеп. (А.Ж.Муратов, К.А.Исаков менен авторлош), – Б.: 2018, – 372 б; 8. 2-китеп. (А.Ж.Муратов, К.А.Исаков менен авторлош).-Б.:2018, -468 б; 9. Кыргыз адабияты. Жалпы билим берүүчү мектептердин 6-классы үчүн окуу китеби.(А.Ж.Муратов, Б.А.Абдухамидова менен авторлош). – Б.:2018, – 260 б.

**Экинчи расмий оппонент** катары кыргыз адабиятын окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент **Э.К. Абдырасулованы** сунуш кылат (13.00.02). Анын эмгектери:

1.Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы жомокторду жана трагедиялуу көрүнүштөрдү окутуу: Методикалык колдонмо -Б.: Кут бер, 2009. -24 б.

2. Ч.Айтматовдун “Бетме-бет” повесттин окутуу: Методикалык колдонмо.

-Б.: Кут бер, 2009. -25 б. 3.Ч .Айтматовдун повесттерин окутуунун методикалык системасы –Б.: КУАУнун Жарчысы, 2009. -380-383-бб. 4.Методика проведения в школе внеклассной работы по лингвистическим дисциплинам: Методическое пособие. -Б.: 2009. -52б. 5.Акын, жазуучулардын өмүр баянын өтүүдөгү этнопедагогикалык айрым маселелер. – Б.: КУУнун Жарчысы, 2010. -132-136-бб. 6.Кеп маданияты коөнөрбөс тил байлыгы // Мамлекеттик тил боюнча мыйзам чыгаруудагы маселелер. –Б.: ЖК, 2015. -61-66-бб. 7.Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы элдик таалим-тарбия салттарын окутуу//Салттык педагогикалык маданият жана балдар дүйнөсү VIII Республикалык илимий-практикалык симпозиумдун жыйнагы. –Б.: 2017.- 8-17- бб. 8.Ч.Айтматовдун чыгармаларын окутуу: Монография. –Б.: 2019, Кут-Бер. -142 б.

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү катары сунуш кылынган документтерди карап чыгып, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы Д.13.20.623 диссертациялык кеңешине 13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Батыркулова Айгүл Бекмурзаевнанын “Орто мектептин кыргыз адабияты курсунда легендалык чыгармаларды окутуунун методикасы” деген аталыштагы диссертациялык ишин коргоого сунуштайбыз.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү:**
Педагогика илимдеринин доктору, профессор Мусаева В.И.

Дата поступления в ДС 27 окт. 2020
заключение 13. 10. 20

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ